# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ТОКТОМУ

*Бишкек шаары, 2015-жылдын 24-марты № 144*

## 2015-2019-жылдарга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик статистикасын өркүндөтүү жана өнүктүрүү программасы жөнүндө

Улуттук маалыматтык-статистикалык тутумунун дараметин андан ары чыңдоо жана өнүктүрүү, башкаруу органдарынын, чарба жүргүзүүчү субъекттердин, массалык маалымат каражаттарынын жана калктын калың катмарларынын республиканын экономикасынын өнүгүү абалын жана тенденциясын мүнөздөгөн статистикалык маалыматтарга муктаждыгын, керектөөлөрүн натыйжалуу жана сапаттуу маалыматтык камсыздоо, статистика жаатында мамлекеттик маалыматтык кызмат көрсөтүүнүн айкын-ачык тутумун түзүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 17-беренесине, "Мамлекеттик статистика жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Төмөнкү тиркелгендер бекитилсин:

- 2015-2019-жылдарга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик статистикасын өркүндөтүү жана өнүктүрүү программасы (мындан ары - Программа) 1-тиркемеге ылайык;

- 2015-2019-жылдарга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик статистикасын өркүндөтүү жана өнүктүрүү программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планы (мындан ары - Иш-чаралар планы) 2-тиркемеге ылайык.

2. Кыргыз Республикасынын министрликтери, мамлекеттик комитети, административдик ведомстволору, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүктөрүнүн аппараты, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (макулдашуу боюнча) төмөнкүлөрдү камсыз кылышсын:

- Программада жана Иш-чаралар планында каралган иш-чараларды өз убагында жана сапаттуу аткарышсын;

- жыл сайын кийинки отчеттук мезгилдин 15-январынан кечиктирбей, Программада жана Иш-чаралар планында каралган иш-чаралардын аткарылышынын жүрүшү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетине маалыматтарды беришсин.

3. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетине жылдын жыйынтыгы боюнча отчеттук мезгилден кийинки жылдын 15-февралына чейинки мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына жалпыланган маалымат берүүсү сунушталсын.

4. Программаны жана Иш-чаралар планын ишке ашыруу тиешелүү жылга каралган республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде жүзөгө ашырылсын.

5. "2010-2014-жылдарга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик статистикасын өркүндөтүү жана өнүктүрүү программасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 30-мартындагы № 199 токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

6. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

*"Эркин Тоо" газетасынын 2015-жылдын 3-апрелинде № 27-28 жарыяланды*

7. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын экономика жана инвестициялар бөлүмүнө жүктөлсүн.

**Кыргыз Республикасынын**
**Премьер-министри** **Дж.Оторбаев**

2-тиркеме